***DOI:10.26104/NNTIK.2023.30.44.067***

*Саматова А.А., Кошматова Ж.Ж., Эргешали кызы А., Шеров Ш.Б.*

# БАЛАНЫН ӨЗҮНӨ ИШЕНИМИН КАЛЫПТАНДЫРУУДА МУГАЛИМДИН ОРДУ

*Саматова А.А., Кошматова Ж.Ж., Эргешали кызы А., Шеров Ш.Б.*

# РОЛЬ УЧИТЕЛЯ В ФОРМИРОВАНИИ У РЕБЕНКА УВЕРЕННОСТИ В СЕБЕ

*A. Samatova, Zh. Koshmatova, Ergeshali kyzy A., Sh. Sherov*

# THE ROLE OF A TEACHER IN THE FORMATION OF A CHILD'S SELF-CONFIDENCE

*УДК: 502/504*

*Бул макалада баланын фзиологиялык, психологиялык өсүп, өрчүүсүнө ата-энелерден сырткары мугалимдердин да таасири чоң экендиги баяндалды. Мында мугалимдик кесип эмес, жашоо образы. Мугалим болуу менен бирге мамлекеттин, коомдун, ата-энелердин жана баарынан мурда окуучулардын алдындагы зор жоопкерчиликти түшүнүүнү, сезүүнү жаратуусу, баланын физиологиялык, психологиялык жактан өсүү процессинде ошондой эле инсандык сапаттарынын өнүгүүсүндө үй-бүлөлүк чөйрөдөн педагогикалык чөйрөгө өтүү маанилүүлүгү айтылган. Мугалим баланын ата-энеси менен бирге баланын инсандык сапатын, физиологиясын, психологиясын калыптандырат. Эгерде бала ийгиликсиз үйбүлөдөн келген болсо, ал баланын ата-энеси койгон кирпичтерин (физиологиялык, психологиялык жактан жабыркаган, инсандык сапаттары калыптанбаган) алмаштырууга бир гана мугалимдин күчү жетээри, ошондой эле коомдун өнүгүүсүнүн азыркы этабында мугалимдердин милдеттеринин бири болуп баланын мүмкүнчүлүктөрүн жана кызыкчылыктарын максималдуу ишке ашырууга багытталган окуу-тарбиялоо-таануу процессин уюштуруу саналат баяндалды.*

***Негизги сөздөр:*** *ата-эне, мугалим, бала, физиология, психология, өсүү, өрчүү, инсан, сапат, компетенттүүлүк.*

*В этой статье рассказывается, что учителя, помимо родителей, также имеют большое влияние на физиологический, психологический рост и развитие ребенка. Здесь преподавание – это не профессия, а образ жизни. Наряду с педагогической значимостью перехода от семейной среды к педагогической в процессе физиологического, психологического роста ребенка, а также в развитии личностных качеств, воспитание чувства огромной ответственности перед государством, обществом, родителями и, прежде всего, перед учениками. Учитель вместе с родителями ребенка формирует личность, физиологию, психологию ребенка. Если ребенок родом из неблагополучной семьи, только один учитель может заменить кирпичи, заложенные родителями этого ребенка (физиологически, психологически поврежденные, не сформированные черты личности). также на современном этапе развития общества одной из задач педагогов является организация учебно-воспитательно-познавательного процесса, направленного на максимальную реализацию возможностей и интересов ребенка.*

***Ключевые слова:*** *родитель, учитель, ребенок, физиология, психология, рост, развитие, личность, качество, компетентность.*

*This article tells that teachers, in addition to parents, also have a great influence on the physiological, psychological growth and development of the child. Here teaching is not a profession, but a way of life. Along with the pedagogical significance of the transition from a family environment to a pedagogical one in the process of physiological, psychological growth of a child, as well as in the development of personal qualities, fostering a sense of great responsibility to the state, society, parents and, above all, to students. The teacher together with the parents of the child forms the personality, physiology, psychology of the child. If the child comes from a dysfunctional family, only one teacher can replace the bricks laid by the parents of this child (physiologically, psychologically damaged, unformed personality traits). also, at the present stage of development of society, one of the tasks of teachers is to organize an educational and cognitive process aimed at maximizing the possibilities and interests of the child.*

***Key words:*** *parent, teacher, child, physiology, psychology, growth, development, personality, quality, competence.*

Жер жүзүндө көптөгөн кесиптердин ээси бар, бирок ошончо кесиптин ичинен эң маанилүүсү, керектүүсү жана адамдарды инсан болууга үндөгөн, тарбиялаган, үлгү боло алган бир эле кесип болуп – мугалим же окутуучу саналат. Анткени мугалим баланын жашоосундагы көптөгөн кызыктуу маселелерди оң жана терс жакка буруп жиберүүгө өтө чоң мүмкүнчүлүгү бар инсан. Мугалимдик кесип эмес, жашоо образы. Мугалим болуу менен бирге мамлекеттин, коомдун, ата-энелердин жана баарынан мурда окуучулардын алдындагы зор жоопкерчиликти түшүнүүнү, сезүүнү жаратат.

Педагогдун инсандык сапаттары – баланын инсандык сапатын калыптандыруунун күчтүү фактору. Педагогдун социалдык функциялары – өсүп келе жаткан муунду улуу муундардын маданий мурасына, коомдук тажрыйбасына байланыштыруу, түшүндүрүү, ыйык сактоону калыптандыруу жана тарбиялоо.

Чоңдор менен баарлашуу окуучуларга социалдык байланыштарды түзүүгө, өзүн жана башкаларды билүүгө, жакындан таанууга жардам берет, ал курдаштары менен болгон мамилесинин өзгөчөлүктөрүнө жана өнүгүшүнө түздөн-түз таасир этет. Чоңдор балдар үчүн үлгү эталон катары саналат [4].

Баланын физиологиялык, психологиялык жактан өсүү процессинде ошондой эле инсандык сапаттарынын өнүгүүсүндө үй-бүлөлүк чөйрөдөн педагогикалык чөйрөгө өтүү маанилүү ролду ойнойт. Анткени анда коомго зарыл болгон социалдык мамилелер, жүрүм-турум үлгүлөрү кыйла максаттуу жана интенсивдүү түрдө калыптанат да коомдук турмуштун билим-


дери, жөндөмдөрү жана көндүмдөрү алынат.

Ата мекендик адабияттарда баланын интеллектуалдык өнүктүрүү боюнча тарбиячынын ролун талдоо, ал тигил же бул сапаттарын, көндүмдөрүн, ошондой эле баланын жеке өнүктүрүү боюнча билим берүүнүн жеке сапаттарынын таасири менен тарбиялоо жетиштүү өлчөмдө изилденген. Бала кезинин өзгөчөлүгүнүн натыйжасында (таасирлентүү, эмоционалдуулук, оңой сунушталуу) пайда болгон мүнөздөргө мугалим өзүнүн интеллектуалдык жана педагогикалык жөндөмдүүлүктөрү менен гана эмес, инсандык сапаттары менен да педагогикалык таасир көрсөтө алат.

Мугалим – бул баланы оңдоого, окутууга, тарбиялоого арналган ар кандай кызматтык (ролдук) милдеттерди алып жүрүүчү гана эмес, алар баланын физиологиялык, психологиялык өсүп өнүгүүсүнө да чоң таасирин тийгизе ала турган инсан. Ушуга байланыштуу К.Д. Ушинскийдин тарбияда бардыгы тарбиячынын инсандыгына негизделиши керек деген сөзү эскерилет, анткени "тарбиялык күч адамдын инсандык компоненттеринин тирүү булагынан гана төгүлөт...», деп айтып кеткен [7].

Мугалимдин "инсан болуу" жөндөмдүүлүгү көбүнчө тарбиялоо процессин аныктайт. Мектеп окуучулары үчүн окуучунун физиологиялык, психологиялык өсүп өнүгүүсүнө жана инсандык сапаттарынын калыптануусуна мугалимдин таасири терең жана көп кырдуу. Балдар үчүн маанилүү тышкы өзгөчөлүктөрүн изилдеген, мектепке чейинки балдар иш-аракеттердин эмоционалдык түсүн актердун мимикасы аркылуу оңой кабыл аларын аныктаган. Мисалы, сүрөттүн эмоционалдык мазмунун балдар сүрөттөлгөн каармандардын мимикасы аркылуу кабыл алышат. Мугалимдин жүрүм-турумунун тышкы өзгөчөлүктөрү менен катар, балдар үчүн эң маанилүү нерсе, аларга тарбиячынын эмоционалдык жана туура баалоосу зор таасирин тийгизет. Балдар тарбиячынын жүрүм-турумунун бул тарабынын жеке-инсандык өзгөчөлүктөрүн курдаштары менен баарлашууда так жазышат жана кайталашат. Демек мугалим класска кирип 45-90 мүнөт сабак өтүп чыгаарда сөссүз түрдө, сырткы келбетине (чач жасалгасына, кийим кечесине, формасына), эмоциясына көңүл буруу керек.

Мугалим баланын ата-энеси менен бирге баланын инсандык сапатын, физиологиясын, психологиясын калыптандырат. Эгерде бала ийгиликсиз үйбүлөдөн келген болсо, ал баланын ата-энеси койгон кирпичтерин (физиологиялык, психологиялык жактан жабыркаган, инсандык сапаттары калыптанбаган) алмаштырууга бир гана мугалимдин күчү жетет.




**1-сүрөт.** Баланын организминин курулуш кирпичтери туура эмес коюлган.

Бала мектепке ар түрдүү шарттан келет, демек ал балдарды бирдей деңгээлге салуу, тарбиялоо, билим берүү, жардам берүү мугалимдин негизги милдети болуп саналат. Жогорудагы 1-сүрөттө берилген баланын организиминин курулуудагы клеткалар же ткандар дейли, ата-энелер тарабынан түрдүүчө коюлган. Демек ата-энелер тарабынан өз балдарынын организмине коюлган курулуш клеткалары менен, коомго жараксыз, ийгиликсиз балдарды жаратышууда. Бул коомго жараксыз курулуш клеткалары кайдан жаралды.

Баланын физиологиялык, психологиялык өсүп өнүгүүсүнө, интелектуалдык жетилүүсүнө ата-эне менен баланын ортосундагы мамиле таасирин тийгизет. Ата эне менен баланын туура мамилеси балдардын билим алуусуна өзүн-өзү сыйлоосуна, мектеп тапшырмаларын аткарууга, таанып билүү көндүмдөрүнүн өнүгүшүнө жана жүрүм-турумуна оң таасирин берип, ошондой эле балага канчалык жогорку деңгээлде

мээрим-сүйүү берилсе ал бала турмушта сынбайт, жана бардык ийгиликтерди багындыра алат. Ошондуктан, ата-энелер баланы тарбиялоодо биринчиден өздөрү тарбиялуу (психологиялык-физиологиялык жактан толук кандуу жетилүүсү) болуусу керек. Анткени үй-бүлөдөн алган ар бир баланын тарбиясы турмушунда чагылдырылат жана муундан муунга өтөт [1].

Баланын үй-бүлөдөн алган ар бир тарбиясы, көзү менен көргөн окуяны, кулагы менен уккан сөзү, тили менен сүйлөнгөн сөздөрү ар бир колдонулган органдары аркылуу организмине сиңе берет. Ошол сиңген маалыматтары турмушунда чагылдырылат [2].

Демек баланын ар бир курулуш клеткасына үйбүлөдөгү ата-энеси, жакындары тарабынан көрсөтүлгөн үлгүлөрү, тарбиясы, түрдүү маалыматтары, өз анализаторлору аркылуу жазыла берет. Жыйынтыгында ийгиликсиз, коомго керексиз балдар пайда болууда. Ал балдар мектепке баруу менен чөйрөгө кошулуп, башка балдарга таасирин тийгизип жатышат. Мугалим көрөгүчтүгү, балдардын физиологиясын, психологиясын таануу өзгөчолүгү менен ошондой типте келген балдарды ажырата билүү зарыл.

Балдардын бакубаттуулугу, анын теңтуштар тобундагы, психикалык жана социалдык абалы, физиологиялык, психологиялык өсүп өрчүүсү көбүнчө мугалим менен баарлашууда көрсөткөн эмоцияларынан билинет.

Коомдун өнүгүүсүнүн азыркы этабында мугалимдердин милдеттеринин бири болуп баланын мүмкүнчүлүктөрүн жана кызыкчылыктарын максималдуу ишке ашырууга багытталган окуу-тарбиялоо-таануу процессин уюштуруу саналат. Баланы таануу менен анын кайсыл курулуш клеткасы жабыркап келди, кандай жардам берүү керек, ага карата кантип жол табуу керек экендигин билүү зарылдыгы турат.

Мындай балдар чоңдорго болгон ишенимин жоготкон, өздөрү менен өздөрү болуп, турмуш чарпелегинде айланган балдар болот. Мындай типтеги балдар менен мугалим көзгө көрүнбөгөн жылуулук пардасын пайда кыла билүүсү керек. Ошондо гана мугалимге баланын жараксыз курулуш клеткаларын алмаштырууга жол ачылат.

Баланын тышкы дүйнө менен болгон мамилеси ортомчу катары чоңдор аркылуу ишке ашырылат. Чоңдордун жетекчилиги астында балдар жаңы иш-аракеттерди, көндүмдөрдү, үйрөнөт жана бул жерде балдардын өзүнүн активдүүлүгү чоңдордон келген активдүүлүк менен түздөн-түз байланыштуу болот.

Ошондуктан, педагогикалык иш баланын таанып-билүү активдүүлүгүн калыптандырууга умтулган заманбап педагогдон төмөнкү жеке параметрлердин болушун талап кылат:

- инсандык сапаты калыптанган;
- активдүү жана ар тараптуу кесиптик жана социалдык-маданий ишмердүүлүккө жөндөмдүү;
- балдар жана чоңдор менен болгон мамилелердеги сылыктык, эмпатия сезими, чыдамдуулук жана сабырдуулук, аларды кабыл алууга жана колдоого даярдык, зарыл болгон учурда коргоо;
- топ ичиндеги жана топтор аралык байланышты камсыз кылуу жөндөмү;
- балдардын физиологиялык өнүгүсүүнүн өзгөчөлүктөрүн билүү;
- балдардын психикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн билүү;
- өз алдынча өнүгүүгө жана өзүн-өзү тарбиялоого жөндөмдүүлүгүнүн болуусу.

Педагогдун чыгармачылык дарамети инсандын бир катар өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт, алар чыгармачыл педагогдун белгилери деп аталат:

- альтернативаларды байкоо жана формулировкалоо, үстүртөн формулировкалардан качуу;
- көйгөйгө тереңирээк кирүү жана ошол эле учурда чындыктан баш тартбоо, перспективаны көрүү;
- сыйга багыт алуу жөндөмдүүлүгү;
- тааныш объектти таптакыр жаңы тараптан, жаңы контекстте көрсөтө билүү;
- ассоциацияларга жөндөмдүүлүк (ойлордун тез жана эркин алмашуусу, аң-сезимде образдарды жаратуу жана алардан жаңы комбинацияларды түзүү жөндөмдүүлүгү);
- эс тутумдун даярдыгы (тутумдаштырылган билимдин жетиштүү чоң көлөмүн өздөштүрүү, билимдин ирээттүүлүгү жана динамикалуулугу) жана билим берүү жөндөмдүүлүгү жалпылоо;
- чыгармачылык, бул жасалып жаткан иш-аракетти чыгармачылык процесске айландыруу жөндөмү.

Баланын өзүн-өзү сыйлоо сезимин калыптандырууда мугалимдердин балага карата болгон мамилесинен көз каранды болуп саналат. Ошондуктан, балдарды колдоо, ар бир маанилүү иш чарасына катышуу, кызыгуу жана көйгөйлөрүнө көңүл буруу абдан маанилүү.

Мугалим ар бир баланын индивидуалдуулугун, анын өзгөчөлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн көрүп, түшүнө билиши керек, аны жеке тенденциясы жана чыгармачыл потенциалы бар уникалдуу инсан катары карашы керек. Ар бир баланын жеке өнүгүү темпин эске алуу менен анын өсүшүн жана өнүгүүсүн байкоо, иштин натыйжаларын башка балдардын ийгиликтери же топтун деңгээли менен эмес, өзүнүн ийгиликтери менен салыштыруу, баланын инсандыгын баалоого эч качан жол бербөө жана анын ишинин натыйжалары жөнүндө гана сүйлөө керек.

Балдардын когнитивдик кызыгуусун жана активдүүлүгүн колдогон топто оң микроклиматты түзүү керек. Эгерде бала кыйын болсо жана ал ийгиликке жете албаса, анда ага башка балдар менен мамиле түзүү кыйынга турат жана бул жерде ал кемчиликтерди жоюп, оң жактарын баса билген сылык мугалимдин жардамына муктаж болот.

Когнитивдик активдүүлүктү натыйжалуу өнүктүрүү үчүн ар бир балада жекече, өзүнө гана таандык сапаттары жана өзгөчөлүктөрү бар жалгыз, кайталангыс, өзүн-өзү баалаган жана эркин инсанды көрө билүү жана баалай билүү маанилүү. Мунун баары баланын өзүн-өзү сыйлоо сезимин сактоого жардам берет, таанып-билүү процессине оң мамилени сактоого өбөлгө түзөт.

Бала, чоңдор сыяктуу эле, өз деңгээлдеринде дүйнөнү таанып-билүүнүн туруктуу процессинде, ойлонот, талдайт, сүйлөйт, угат, түшүнөт, сезет, башка бирөөлөр менен байланышат. Улуулар жана курдаштары менен баарлашуу процессинде таанып-билүү иш-аракети баланын инсандык интенсивдүү өнүгүүсү, анын таанып-билүү активдүүлүгүнүн негизги түрткүчтөрүнүн бири болуп сүйгөн, жактырган мугалими саналат. Эч кандай атайын стимулдарга муктаж эмес балдар да боло. Мындай балдар таанып-билүү кызыгуусун калыптандырып, таанып-билүү иш-аракеттерине болгон мамилени иштеп чыккан, үй-бүлө баалуулуктарын жогору койгон, ата-эне болуу милдетин, жоопкерчилигин сезген үй-бүлөлөрдөн келишет. Бирок, тарбиячынын түрткү берген аракеттерине жооп бербеген реакциясы төмөн балдар да аз эмес болот мектепте. Демек мугалим өзгөчө ушундай балдарга тереңирээк көңүл буруп, мээрим менен кароо, мактоо сөздөрүн айтуу, жылуулук пардасын уюштуу зарылдыгы келип чыгат.

Мындай балдардын таанып-билүүсү өсүп-өнүгүүсү, алардын кабылдоо органдарына тийгизген таасири менен башталат. Мындай кырдаалда мугалим адегенде көңүл бурдурган жаркыраган, кызыктырган демонстрациялар, өз өмүр баянындагы көйгөйлүү кырдаалды жараткан кызыктуу кыскача баяндарды пайдалануу балдар үчүн пайдалуу болот. Натыйжада балдарда төмөнкү деңгээлдеги туруксуз когнитивдик активдүүлүк пайда болот – суроо түрүндөгү кызыгуу пайда болот, кантип ушундай көйгөйлүү кырдаалдан ушундай деңгээлге жетишти деген суроо пайда болот.

Балдардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү көбүнчө мугалимдин окуучуларын таанып-билүү процессин уюштура турган методдоруна жараша болот: күтүлбөгөн чечимдердин ыкмасы (педагог баланын тажрыйбасына карама-каршы келген тигил же бул маселенин жаңы стереотиптик эмес чечимин сунуштайт);

• белгисиз аягы бар тапшырмаларды берүү ыкмасы, бул балдарды кошумча маалымат алууга багытталган суроолорду берүүгө мажбурлайт;

• жаңы мазмундагы окшош тапшырмаларды түзүүнүн чыгармачылык өз алдынчалыгын көрсөтүүгө, күнүмдүк жашоодо аналогдорду издөөгө түрткү берүүчү ыкма;

• педагог максатка жетүүнүн туура эмес жолун тандап алганда, ал эми балдар муну таап, өз жолдорун жана ыкмаларын сунуш кыла баштаганда "атайылап ката маселени чечүү.

Натыйжада мугалим балдарды кызыктыруу, жана таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн бардык педагогикалык куралдарды биринчи болуп өзү өздөштүрүүсү керек. Ошондой эле балдардын психикалык, физиологиялык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, чыгармачылык потенциалын, курдаштары жана ата-энелери менен болгон мамилелердеги сылыктыкты жана толеранттуулуктарын билүү маанилүү болуп саналат. Балдарды билген жана сүйгөн мугалим гана балдардагы когнитивдик активдүүлүктү түзө алат.

Бала үчүн эң маанилүү адам ата-энесинен кийинки орунда мугалим турат. Бала ага көз артпай ишенет, ага чексиз бийлик жана бардык элестетилген артыкчылыктарды берет: акыл, сулуулук, боорукердик. Баланын көз алдында алар качан ойноого же сейилдөөгө, сабак окууга, сүрөт тартууга же чуркоого болорун, ал эми бардык балдар менен тынч отуруп угуу керектигин аныктайт, ошондой эле ал балдардын чырчатактарын чечүүдө акыркы инстанция катары иштейт, эрежелерди белгилейт, баарын билет жана жардам бере алат. Натыйжада бала аны бардык нерсени билүүчү, колу жетүүчү инсан деп тааныйт. Ошол эле учурда мугалим бала үчүн абдан маанилүү фигура болгондуктан, жеке өзүнү өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү үчүн ага чоң жоопкерчилик жүктөлөт.

Мындай шарттардын эң маанилүүлөрүнүн бири-байланыштын туура түрүн куруу. Бул баланын өзүнө жана дүйнөгө ишенүү жөндөмүн алгач калыптандырган байланыш формасы жана стили. Бул ишенимдин негизин баланын физиологиялык, психологиялык, эмоционалдык-инсандык жана социалдык өнүгүүсү, анын багыты жана сапаты түзөт.

**Адабияттар:**

1. Саматова А.А., Жаныкулова Г.Р., Кошматова Ж.Ж. Баланын өсүп-өнүгүүсүндөгү биогенетикалык факторлордун таасири. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 3. С. 234-237.
2. Саматова А.А., Миралы кызы А., Мурзаева А.К. аланын өсүп өнүгүүсүнө ата-энелердин салымы. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 3. С. 238-241.
3. Леонтьева А.А. Речевое воздействие. Проблемы прикладной психолингвистики. – М., 1972.
4. Лисина М.И. Проблемы онтогенеза общения. / Науч.-исслед. ин-т общей и педагогической психологии Акад. пед. наук СССР. - М.: Педагогика, 1986.
5. Рожков М.И., Байбородова Л.В., Гребенюк О.С., Гребенюк Б. Педагогика в 2 т. Т.2. Теория и методика воспитания: учебник и практикум для вузов. / Под ред. М.И. Рожкова. – М., 2023.
6. Савинков С., Семейное воспитание и развитие личности ребенка, © ОАО «Издательская группа «Весь», 2020.
7. Ушинский К.Д. Собрание сочинений: в 11 т. / редкол.: А.М. Еголин Е.Н. Медынский и В.Я. Струминский. М-Л., 1952.
8. Саматова А.А., Шеров Ш.Б., Кошматова Ж.Ж., Эргешали кызы А. Влияние родителей на физиологическое полноценное развитие ребенка в утробе матери. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 6. С. 314-316.